# КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК ДЕНЕ ТАРБИЯ ЖАНА СПОРТ АКАДЕМИЯСЫНДАГЫ 2019-ЖЫЛ ИЧИНДЕ АТКАРЫЛГАН ИЛИМИЙ ИШТЕРДИН ЖЫЙЫНТЫГЫ

## Шарттуу кыскартуулар

**ЖАК** – Жогорку аттесстациялык комиссия

ДТжСЖ- Дене тарбия жана спорт Жарчысы

**СОТД** – Спорттун олимпиадалык түрлөрүнүн дирекциясы

**КМДТжСА** – Кыргыз мамлекеттик дене тарбия жана спорт академиясы

**КИИЦ** –Кыргыз индексивдүү илимий цитированиеси

**ИИИ** - Илимий-изилдөө иштери

**СИИИ** – Студенттердин илимий-изилдөө иштери

**ИИЛ** – Илимий-изилдөө лабораториясы

**ИТК** - Илимий-техникалык кеңеш

**РББ** – Редакциялык басма бөлүмү

**РИИЦ**-Россия индексивдүү илимий цитированиеси

**ПОК** – Профессордук окутуучулук курам

**СИИ** – Студенттик илимий ийрим

**ТТГ** – Тиреотроптук гормон

Кыргыз мамлекеттик дене тарбия жана спорт академиясында (КМДТжСА) профессордук-окутуучулук курамдын (ПОК) штаттагы кызматкерлеринин саны – 143 киши. Илимий даражасы жана наамы бар кишилердин саны – 36.:

- Илимдин докторлору – 5 киши., алардын ичинен 3 профессор, 1 доцент;
- Илимдин кандидаттары – 29 киши., алардын ичинен 4 профессор, 11 доцент;
- Илимий даражасы жок доценттер – 2 киши;
- КР дене тарбия жана спорт тармагында эмгек сиңирген кызматкерлер – 2 киши;
- КР эмгек сиңирген машыктыруучулар – 12 киши., алардын ичинен 2 киши илимий даражасы менен.

Кыргыз мамлекеттик дене тарбия жана спорт академиясынын профессордук-окутуучулук курамынын 01.12.2019-жылга карата сапаттык көрсөткүчү 25% (пайызды) түзөт.

Кыргыз мамлекеттик дене тарбия жана спорт академиясындагы 2019-жыл ичинде аткарылган илимий-изилдөө иштеринин (ИИИ) жыйынтыктары кафедраларда, редакциялык басма бөлүмүндө (РББ), илимий-изилдөө лабораториясында (ИИЛ), магистратура жана аспирантура бөлүмүндө, уюштуруучулук жана илимий-усулдук аткарылган иштердин натыйжаларынын негизинде көрсөтүлдү.

**Пландаштырылган илимий-изилдөө иштеринин (ИИИ) темасы**

2019-жылда бардык кафедраларда (15) предметтердин спецификасына жана адистиктерге байланыштуу илимий-изилдөө иштеринин (ИИИ) пландаштырылган темалары бар. Кээ бир илимий-изилдөө иштеринин темалары кафедралар аралык мүнөзгө ээ (түпкү жана табигый илимдер дисциплинасы, гимнастика, күрөш, педагогика, психология жана дене тарбия жана спорттун тарыхы кафедралары).

2019-жылда бардык кафедраларда илимий-изилдөө иштеринин пландаштырылган (27) темалары аткарылып жатат (1-5). Илимий-изилдөө иштеринин 2 темасы “КР туруктуу өнүгүүнүн улуттук стратегиялык программасына” киргизилген (Саралаев М.К., авторлош; Мамбеталиев К.У.) 1 мамлекеттик буйрутманын илимий-изилдөө иштеринин алкагында илимий долбоор аткарылды (Баитова Ф.Т.).

**Аткарылган илимий иштердин жыйынтыктары тууралуу жалпы маалымат**

Мурдагы жылдардан айырмаланып аткарылган илимий-изилдөө иштеринин (ИИИ) натыйжалары тууралуу маалыматты 13 кафедра (11) берди. Медицина жана дене тарбиянын физиологиялык негиздери (МжДТФН), аскерге чейинки даярдык (АЧД) кафедраларында изилденип жаткан темалар боюнча натыйжалар алынган эмес. Кыргыз мамлекеттик дене тарбия жана спорт академиясынын профессордук-окутуучулук курамы негизинен илимий-изилдөө иштерин (ИИИ) төрт багыт боюнча аткарышты:

- Педагогиканын, салттуу дене тарбия жана спорттун теория жана практикасынын негизги маселелери;
- Улуттук дене тарбиясынын жана этноспортунун маселелери;
- Дене тарбия жана спорттун медициналык-биологиялык аспекттери:
- Дене тарбия жана спорттун фундаменталдык, тилдик жана этнопедагогикалык аспекттери;

Илимий-изилдөө иштеринин (ИИИнин) багыттары боюнча маалыматтардын мазмуну төмөндө (отчетто) чагылдырылды. Бир катар иштердин илимий-практикалык маанилери көңүл буруууга арзыйт (педагогика, психология жана дене тарбия жана спорттун тарыхы, дене тарбия жана спорттун теориясы, бокс жана оор атлетика, философия жана гуманитардык илимдер кафедралары, Тагаев М.И., Мамбеталиев К.У, Андреев М.В., Баитова Ф.Т. ж.б).

**Чыгарылган монографиялар, окуу китептери жана методикалык окуу куралдары**

2019-жылда 2 монография (же басмада), 11 окуу-усулдук-илимий колдонмолор (үчөө ББжИМнин грифи менен) – жалпы 13 (7кафедра) чыгарылды. Бир катар кафедралар (7) басылмаларды чыгарууга катышыкан жок алар: спорттук оюндар, педагогика,психология жана дене тарбия жана спорттун тарыхы, футбол, теннис жана регби, спорттук жеке таймаш жана спорттук даярдык, улуттук спорттун түрлөрү, гимнастика, аскерге чейинки даярдык кафедралары.

- Ысык-Көл облусунун бокс тарыхы //Окуу куралы -Б.:2019,-150 б./Кийзбаев М.С.
- Магистрдик диссертацияны жана бүтүрүү квалификациялык ишин даярдоо // Жогорку дене тарбия окуу жайынын студенттери үчүн практикалык колдонмо /Даниярова Н.Н. -Б.: 2019,-72б.
- Спортсмендердин, студенттердин жана окуучулардын дене күч жактан өнүгүүсүнүн жана функционалдык даярдыгынын мониторинги //Окуу-усулдук колдонмо / Даниярова Н.Н. -Б.: 2019,-28б.
- Спортсмендердин тамактануусунун гигиеналык негиздери /-Б.:2019,-37б /Андреев М.В.,Ларионов А.Ф.
- Адам жана жаратылыш (ББиИМнин грифи менен) - Б.: 2019. – 526 б. / Манликова М.Х. (монография)
- Жалпы адамзаттык баалуулуктарды интериоризациялоо контекстиндеги билим берүү // ”Айат”,-Б.: 2019,-224б./ Камбарова К.У.
- Дене тарбия жана спорттун укуктук негиздери //Окуу-усулдук колдонмо. “Айат”, -Б.: 2019,-120б. /Камбарова К.У.
- Салттуу (улуттук) дене тарбиясынын теориялык жана уюштуруучулук негиздери //Колдонмо КР ББжИМ грифи менен чыгарууга сунушталды / Мамбеталиев К.У.
- ЖОЖдордун Педагогикасы лекциялар курсуна таяныч материалдар (окутуучулар үчүн) – Киров 2019,-42б. / Збарский В.А,ШевченкоТ.Н,Каюкова Р.А.
- Магистратура тууралуу Жобо. авторлош. (басмада).
- Магистрдик диссертация тууралуу Жобо. авторлош. (басмада).
- Сергек жашоо образынын тарбиялык негиздери //Окуу-усулдук колдонмо – Б.:2019,-36./ Кийзбаев М.С.
- Эркин күрөш боюнча билим берүүнүн негизи /Окуу куралы/Арстанбеков С.А., Бактыбек у.Р.

## Жарыяланган илимий макалалар

Академиянын профессордук-окутуучулук курамынын мүчөлөрү тарабынан 80ден ашуун (86) илимий макалалар жарыяланды. Бокс жана оор атлетика кафедрасында бир да макала жарыяланган эмес. Негизинен мезгил мезгили менен чыгуучу илимий-практикалык РИИЦке жана КИИЦке тиешелүү жана нөлдүк эмес Импакт-фактор басылмаларында жарыяланган. Бир катар материалдар Россия Федерациясында (РФ), Казак Республикасында (КР), Тажик Республикасында (ТР), Индияда жарыяланган.

Жарыяланган макалалардын саны боюнча алдыңкы орундарда тилдер, педагогика, психология жана дене тарбия жана спорттун тарыхы, түпкү жана табигый илимдер дисциплинасы кафедралары (11-13 макала) турат. Спорттук оюндар жана гимнастика кафедраларында 1ден гана илимий макала жарыяланган (тизмеси отчетто).

"Коомдук рейтинг" газетасында "Көчмөндөрдүн салттуу оюндары жана мелдештери жана азыркы мезгил" (авторлору Т. Абдрахманов, Т. Иманалиев, М.Тагаев) аттуу илимий-популярдуу макала 2019-жылдын октябрь айындагы №31(848) санынын 6-7-беттеринде жарыяланган.

## Илимий-практикалык конференцияларга катышуу

Академиянын профессордук-окутуучулук курамынын мүчөлөрү Республикалык, ЖОЖдор аралык жана жакынкы жана алыскы чет өлкөлөрдө өткөрүлгөн (Казахстан, Таджикистан, Россия, Сауд -Аравиясы, Украина) 51 илимий-практикалык конференцияларга катышышкан (тизмеси отчетто).

Бир катар кызматкерлердин катышуусун белгилесек болот: Бүткүл дүйнөлүк этнооюндарынын Конгресси (Эр Рияд шаары), төө кароочулардын Эл аралык уюмунун Конгресси (Мамбеталиев К.У), IV – Азиаттык студенттик форум (Таджикистан), Алматада өткөрүлгөн "Университеттик спорт: улуттун ден соолугу жана өнүгүшү" аттуу IX Эл аралык илимий конференция (Саралаев М.К., Тулекеев Т.М.), Бишкек шаарында өткөрүлгөн "Бир кур – бир жол: билим берүү жана илимди интеграциялоо" аттуу илимий-практикалык конференция (Иманалиев Т.Т.).

## Эмгектерге пикир берүү

Академиянын профессордук-окутуучулук курамы тарабынан окуу жайдын ичиндеги жана ЖОЖдор аралык материалдар – илимий макалалар, окуу-илимий-усулдук колдонмолор, диссертациялык иштер, нормативдик документтер ж.б. (бүтүрүү квалификациялык иштерин эсепке албаганда 40 тан ашуун) рецензияланган. Бир катар рецензенттердин иштерин белгилөөгө болот:

- Каюкова Р.А. "Кыргыз Республикасындагы калктын дене күч жактан даярдыгынын нормативдик талаптары тууралуу Жобо", "Жаштар иштери боюнча мамлекеттик агенствонун, ДТжС, КР ББжИМнин дене тарбия боюнча мектеп окуучусунун күндөлүгү";
- Иманалиев Т.Т. – 2 кандидаттык диссертацияга пикир (13.00.01);
- Манликова М.Х. – 4 диссертациялык иштер (13.00.02);
- Саралаев М.К. – "Орус тилин окутуунун усулу боюнча терминологиялык сөздүк справочник" п.и.д., Манликова М.Х.
- Шевченко Т.Н. – "«Жашоого куюл" программасы боюнча окуу-усулдук колдонмо", "Сырттан окуу бөлүмүнүн студенттери үчүн педагогикалык практиканын программасы",

«ДТжС академиясынын колледжинин студенттери үчүн педагогикалык практиканын программасы”, «Окуу-усулдук комплекс тууралуу Жобо”, «Сырттан окуу жана күндүзгү бөлүмдөрүнүн бүтүрүүчүлөрү үчүн мамлекеттик экзамендин комплекстүү Программасы”, «Сапат Кеңеши тууралуу Жобо” ;

- Наралиев А. М. – проф. Мамбеталиев К. У. Лекциялар курсу, "Дене тарбия маданиятынын теориясы жана методикасы"; Окуу куралы доц. Камбарова К. У. "Дене тарбия жана спорттун укуктук негиздери” ж.б.

**Студенттик илимий ийримдер жөнүндө маалымат (СИИ)**

Студенттер менен магистранттар кафедрадагы илимий-изилдөө иштерине жана КМДТжСАдагы илимий-изилдөө лабораториясынын (ИИЛ) иштерине тартылган.

Студенттердин илимий-изилдөө иштери (СИИИ) тажрыйбалуу педагогдордун жетекчилиги астында жүргүзүлөт. Студенттик илимий ийримдин (СИИ) мүчөлөрү (30дан ашуун студент) экспедициялык. эксперименталдык иштерге катышышып, илимий-методикалык жана инструменталдык ык машыгууларга ээ болушат.

КМДТжСАнын жетишкен студенттеринин арасында «Олимпиадалар» өткөрүлдү:

- Дене тарбия жана спорттун тарыхтары “Олимпиадалык викторина” (педагогика, психология жана дене тарбия жана спорттун тарыхы кафедрасы);
- Дене тарбиянын теориясы жана методикасы боюнча (дене тарбиянын теориясы жана методикасы кафедрасы);
- "Эч ким эч нерсе унутулбайт" Кыргыз тили жана адабияты боюнча;
- Орус тили боюнча “Олимпиада-2019";
- Англис тили боюнча "Englishinmylife" (тилдер кафедрасы).
- “Манастаануу интеллектуалдык таймашы”. Педагогика жана улуттук спорттун түрлөрү жана машыктыруучу факультеттеринин 1-курстарынын арасында өткөрүлдү, (философия жана гуманитардык илимдер кафедрасы);

Сынактын негизги максаты студенттердин Байыркы грек жана заманбап Олимпиадалык оюндары тууралуу билимдерин тереңдетүү болду;

Залкар манасчы Сагымбай Орозбаковдун “Манас” эпосунун варианты боюнча билимдерин терендетүү жана текшерүү;

Студенттердин билимдерин тереңдетүү, өз алдына иштөөгө ык-машыгууларын жана окууга умтулууларын өнүктүрүү ;

Мамлекеттик, орус жана чет тилдерин окуп үйрөнүүгө кызыгууларын арттыруу.

Жалпысынан сынактарга 1-2 курстардан 76 студент катышышты. Сынактын жеңүүчүлөрү (32 студент) китептер, дипломдор, грамота жана белектер менен сыйланды.

Биринчи иретте кафедраларда студенттердин даярдыгы мыктыларын тандоо максатында сынактын биринчи этабын өткөрүп, андан кийин кафедралар арасында негизги турду өткөрүү керектигин белгилөө керек (октябрь-декабрь). Практикалык кафедраларга дене тарбия жана спорттун теориясы боюнча сынакка жоопкерчиликтүү мамиле жасап, катышууга убагында билдирме берүүнү эскертким келет.

Кыргыз мамлекеттик дене тарбия жана спорт академиясынын профессордук-окутуучулар курамынан 4 кызматкер диссертациялык (кандидаттык жана докторлук диссертацияларды коргоо боюнча) жана КР ЖАКтын Эксперттик Кеңешинде мүчө.

**Сынакка катышуу «Мыкты монография, окуу китеби, окуу куралдары»**

ПОК 2019-жылда «Мыкты монография, окуу китеби, окуу куралдары» сынагына катышышты:

- Кийзбаев М.С. авторлош., "Ысык-Кол облусунун бокс тарыхы -Б.: 2019, -150 б.
- Камбарова К.У. "Дене тарбия жана спорттун укуктук негиздери - Б.: Айат. 2019, -120б.
- Жалпы адамзаттык баалуулуктарды интериоризациялоо контекстиндеги билим берүү (монография) - Б.: Айат. 2019, -224б.

Сынактын жеңүүчүсү (1 орун) – Окуу куралы п.и.к., профессор Кийзбаев М.С. (акчалай сыйлык менен сыйланды).

Кафедрадагы илимий-изилдөө иштерин (ИИИ), илимий-изилдөө лабораториясын (ИИЛ) интеграциялоо максатында жана студенттик илимий ийримдердин (СИИ), аспиранттардын жана магистранттардын илимий-изилдөө иштерин жүргүзүү үчүн талапка ылайык материалдык-техникалык камсыздоо керектелет (аппаратура, приборлор, реактивдер ж.б.).

| **Материалдык-техникалык жабдуулар** |
|---|
| • Портативдүү газ анализатору, манжа аркылуу текшерүүчү пульсоксиметр |
| • Электрондук жана механикалык динамометр |
| • Полдун үстүнө коюлуучу таразалар, Мартин системасы боюнча бой ченегич |
| • Спирометр (кургак), секундомер, кадам ченегич |
| • Рива-Рочи аппараты |
| • Күчтүн жана соккунун санын каттоо үчүн тензоплатформа |
| • Артериалдык басымды (АБ) жана жүрөк жыйрылуусунун ылдамдыгын (ЖЖЫ) өлчөөчү автоматтык аппарат |
| • Сийдикти биохимиялык анализден өткөрүү үчүн тескөөчү диагностикалык тест |
| • Футболисттердин дене-күч жактан даярдыгын аныктоо үчүн Polar |
| • Велоэргометр, басма-көчүрүүчү аппарат ж.б. |

**Кафедралардын ИИИ жыйынтыгынын салыштырмалуу анализи**


| **№** | **Кафедралар** | **ИИИ темасы** | **ИИИнин аткар. туурал. маалым.** | **Жарыялан. макалалар** | **Чыг. ОУК, моног** | **Эмгекпикир** | **Диссер.корго о** | **Илим. конфер. катыш.** | **СИИ** | **Аткарыл-ган, / аткарыл-баган бөлүм** |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|

| | | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **1** | **ППжДТжС Т** | 1 | + | 12 | - | 3 | - | 15 | 1 | 144 |
| **2** | **ДТжС ТжМ** | 5 | + | 5 | 1 | 4 | - | 6 | 5 | 155 |
| **3** | **СУТ** | 1 | + | 8 | - | - | - | 4 | 3 | |
| **4** | **СО** | 1 | + | 1 | - | 2 | - | - | 3 | |
| **5** | **Гимнастика** | 1 | + | 1 | - | - | - | - | 3 | 26 |
| **6** | **БжОА** | 3 | + | - | 1 | - | - | - | - | |
| **7** | **ЖАжССТ** | 2 | + | 2 | 1 | 9 | - | - | 6 | |
| **8** | **Күрөш** | 1 | + | 5 | 1 | - | 1 | - | - | |
| **9** | **СЖТжСД** | 2 | + | 2 | - | - | - | - | - | 33 |
| **10** | **ФТжР** | 1 | + | 2 | - | - | - | - | 4 | 29 |
| **11** | **МжДТФН** | 1 | - | 2 | 1 | - | - | - | - | 28 |
| **12** | **ТжТИД** | 1 | + | 11 | 2 | 3 | - | 6 | 4 | |
| **13** | **Тилдер** | 1 | + | 13 | 1 | 1 | 1 | 20 | 4 | 147 |
| **14** | **ФжГИ** | 2 | + | 9 | 2 | - | 1 | 7 | - | 134 |
| **15** | **АЧД** | 1 | - | 2 | - | 1 | - | 6 | 1 | |

**Кафедралардын ИИИ салыштырмалуу анализи**

| № | Кафедралар | Балдык баалоо |
|---|---|---|
| 1 | ППжДТжСТ | 144 |
| 2 | ДТжС ТжМ | 155 |
| 3 | УСТ | 79 |
| 4 | СО | 39 |

| | | |
|---|---|---|
| 5 | Гимнастика | 26 |
| 6 | БжОА | 40 |
| 7 | ЖАжССТ | 66 |
| 8 | Күрөш | 60 |
| 9 | СЖТжСД | 33 |
| 10 | ФТжР | 29 |
| 11 | МжДТФН | 28 |
| 12 | ТжТИД | 114 |
| 13 | Тилдер | 147 |
| 14 | ФжГИ | 134 |
| 15 | АЧД | 37 |




2019-жылда Кыргыз мамлекеттик дене тарбия жана спорт академиясынын 3 кызматкери кандидаттык диссертацияларды ийгиликтүү коргошту:

Тагаев М.И., жана Садырова З.Т. – тарых илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн (07.00.02);

Абдыбекова Н.А. – педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн (13.00.01).

КР ЖАКтын чечими менен п.и.к., доцент Иманалиев Токтобек Тыбыновичке “дене тарбия жана спорт" адистиги боюнча профессор наамы ыйгарылды (7п-2/4).

Бир катар изденүүчүлөрдүн докторлук жана кандидаттык диссертациялык иштери Адистештирилген Кеңештерге тапшырылган жана коргоо алдында турат. Мисалы: – Абдуллаев М.Т., Камбарова К.У., Омурова А.М., Тажибаева У.К. ж.б.

КР ЖАКтын Реестрине киргизүү максатында бекитилген диссертациялык иштердин темалары жана илимий жетекчилери тууралуу маалымат даярдалууда (февраль – март).

Кыргыз мамлекеттик дене тарбия жана спорт академиясы аткарылган илимий-изилдөө иштерин пландаштыруу жана отчетун даярдоо максатында Кыргыз Республикасынын билим берүү жана илим министрлигинин алдындагы Илим Департаменти менен (КР ББжИМ алдындагы ИД) жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Аттесстациялык Комиссиясы (КР ЖАК) жана Улуттук Илимдер Академиясындагы (УИА) илимий бөлүмдөр менен тыгыз байланышта кызматташат.

Келечектүү изилдөөлөрдүн тизмесин калыптандыруу максатында (2019-жыл үчүн) актуалдуу мүнөзгө ээ болгон илимий-изилдөө иштеринин темалары (КР туруктуу келечектүү өнүгүүнүн Улуттук Программасы) киргизилген:

- Кыргыз улуттук дене тарбиясынын тарыхый, этнопедагогикалык, теориялык-практикалык аспектилери (жетекчиси Саралаев М.К.);
- Этноспорт жана салттуу дене тарбиясы: маданий-тарыхый мурастар жана азыркы мезгил. КР тоолуу аймактардын шартында жашаган мектеп окуучуларынын дене тарбиясын оптималдаштыруу (жетекчиси Мамбеталиев К.У.).

2019-жылда “Философия жана гуманитардык илимдер” кафедрасынын профессордук-окутуучулук курамынан түзүлгөн жумушчу топ (жетекчиси Баитова Ф.Т.) ““Манас” эпосу аркылуу дене тарбия адистигиндеги студенттердин инсан баалуулуктарын калыптандыруу” (81 бет, 6 тиркеме, 51 адабий булак) аттуу темадагы мамбуйрутманын илимий-изилдөө иштеринин алкагында илимий долбоордун үстүндө иштеп, ийгиликтүү аякташканын белгилей кетсек болот.

***Долбордун максаты:*** “Манас” эпосундагы дене тарбия адистигиндеги студенттердин инсан баалуулуктарын калыптандырууга багытталган маселелерди изилдөө, алардын негизинде окуу куралдарын, усулдук колдонмолорду иштеп чыгуу.

***Илимий жаңылыгы:***

- Изилдөөдө инсан баалуулуктарына илимий жактан теориялык талдоо жүргүзүлдү;
- Илимий-теориялык адабияттарга жана изилдөөлөргө талдоо жүргүзүү менен “инсан идеалынын” маани-маңызы, түзүлүшү кеңейтилип көрсөтүлдү;
- Оң каармандардын өрнөктүү асыл сапаттарынын негизинде “эр жигит” жана “калк карыларынын” идеалдарынын модели түзүлдү;
- Талдоого алынган материалдар боюнча лекциялар окулду. Эксперименталдык иштеринин мазмуну жана этаптары аныкталды;
- “Манас” эпосундагы инсан баалуулуктары тууралуу изилдөөлөрдүн негизинде гуманитардык циклдеги дисциплиналардын мазмуну өркүндөтүлдү;
- «Манас» эпосундагы даанышман ойлор аталган адистиктеги студенттердин акылынын өсүшүн гана камсыз кылбастан, алардын ыйманын, адеп-ахлагын калыптандырып, мекенчилдик сезимдерин жогорулата тургандыгын жүргүзүлгөн эксперименталдык иштердин натыйжалары тастыктады.
- 2 макала жарык көрдү: ““Манас” эпосу – кыргыз элинин инсандык баалуулуктарын изилдөөнүн булагы”–Баитова Ф.Т. – Изв. вузов. – Б.: – 2019, – №4. – 42-48 б.
- “Манас” эпосундагы “эр жигит” идеалдары–Изв. вузов.– Б.: – 2019, – №11.– 90-96 б.

- Усулдук колдонмо иштелип, басмага даярдалууда.

2020-жылга программалык-максаттуу каржылоонун негизинде аткарылуучу мамлекеттик буйрутмалардын илимий-изилдөө иштерин аткаруу максатындагы сынакка “Бүткүл дүйнөлүк көчмөндөр оюндары жана салттуу дене тарбиясы: тарыхый аңдап билүү, өнүгүү маселелери жана келечеги” деген аталыштагы тема менен профессор Мамбеталиев К.У катышты.

**Редакциялык басма бөлүмү (РББ)**

Редакциялык басма бөлүмүндө “Дене тарбия жана спорт Жарчысынын” 2 саны жарык көрдү (ЖАКтын Жобосуна ылайык жыл ичинде 2ден кем эмес сан, 100 экземпляр тиражда, 8 басма барак көлөмүнөн көп эмес, жалпы көлөм 276 б).

Журналдын чыгарылышы КР ЖАКтын жана РИИЦтин сайттарына (e LIBRARY.RU) киргизилди. “ДТжС Жарчысында” макалаларды цитирлөөнү жарыялоолор – 38. Жалпы журналда 40 илимий макала жарык көрдү (31 макала академиянын кызаткерлери тарабынан). 20-25% эмгектер башка ЖОЖдордогу коллегалардыкы болуп саналат (КУУ, ОшМУ, “Манас” Кыргыз-Түрк университети, ЖАМУ ж.б.) жана жакынкы жана алыскы чет өлкөлөр (Россия, Турция, Индия).

Илимий макалалар мамлекеттик, расмий жана англис тилдеринде жарыяланды.

- Редакциялык басма бөлүмүнө келип түшкөн материалдар “антиплагиат” системасында текшерилет жана рецензиядан өткөрүлөт. Журналды цитирлөө коэффиценти – 0,04.

Рецензиялоо учурунда басылмаларды жарыялоодогу талаптарга ылайык келбеген илимий макалалар четтетилди (5 макала):

- “Эркин күрөш стилиндеги жаш балбандардын ыктык, айла-амалдык сапаттарын даярдоо”;
- “Спорттук гимнастика менен машыккан 8-10 жаштагы өспүрүмдөрдүн ийилчектигин өстүрүү”;
- “Спорттук практикада колдонулган фармакологиялык каражаттардын жана препараттардын анализи” ж.б.

**Илимий-изилдөө лабораториясы**

Илимий-изилдөө лабораториясы “КР спорттун олимпиадалык түрлөрүнүн дирекциясында (СОТД) машыккан спортсмендердин дене күч жактан даярдыгынын, өнүгүүсүнүн мониторинги жана дененин физикалык жүктөргө көнүгүүсү” деген аталыштагы теманын үстүндө иштөөдө.

Илимий топтун кызматкерлери тарабынан (жетекчиси м.и.д. Б.Т. Орозбекова, врач-лаборант Ж.Жукенова) орто тоо шартында (1600-1700м. деңиз деңгээлинен жогору) машыктыруучу жыйындарда 218 спортсменге текшерүү жүргүзүлдү. Алынган маалыматтарга статистикалык талдоо жүргүзүлүп, спортсмендер үчүн сунуштар даярдалууда.

Авторлордун алдын ала жыйынтыктары текшерилип жаткан спортсмендердин бир тобунда чарчоонун жогорку даражасынын оруну, тамактын рационунда зарыл

микроэлементтердин (калий, магний ж.б.) жетишсиздиги жана күнүмдүк энергия толукталбагандыгына күбө экендигин көрсөтүүдө.

Аталган изилдөө гормондордун деңгээлин (пролактин, кортизол, ТТГ, $T_3$, $T_4$, тестостерон ж.б.) ЭКГ изилдөөсү, кан айлануу жана дем алууну үнөмдөөнү тестирлөө, кандын кеңейтилген анализи, зат алмашуу ж.б. аныктоо планында улантылат.

- 2 илимий макала басмага берилди;
- Бүтүрүү квалификациялык иштерин (3) жана 1 магистрдик диссертацияны жазууга илимий-методикалык жардам көрсөтүлдү;
- Эл аралык илимий конференцияларга жана семинарларга катышышты: Москва, Санкт-Петербург, Сочи, Бухара.

Илимий-изилдөө лабораториясы (ИИЛ) кафедралардагы студенттердин (СИИ, СИИИ, СОИИ), изденүүчүлөрдүн, аспиранттардын жана магистранттардын илимий-изилдөө иштерин (ИИИ) (комплекстүү, демилгелүү, пландуу) жүргүзүүгө база катары кызмат кылуу менен бирдикте эле бир топ көйгөйлөргө ээ – алдын ала илимий кадрлар менен толуктоо жана каржылоодо, спорттук медицина тармагындагы адистердин (биохимия, физиология), приборлор, инструментарийлердин жетишсиздиги, химиялык реактивдерди сатып алууда, орг.мед.техниканы тейлөөдө жана техникалык абалы, санитардык-техникалык талаптарды жана нормативдерди сактоодо.

2019-жылда аспирантура бөлүмүндө 11 киши – 5 – сырттан окуу, 6 – күндүзгү окуу формасында билим алышты. Аспирантура бөлүмүн экөө – Эрмешов Н.Д. жана Сертач Бозатлы диссертациялык иштерин көрсөтпөстөн аякташты.

Аспиранттардын илимий жетекчилери Иманалиев Т.Т., Токсонбаев Р.Н., Добаев К.Д., Джанузаков К.Ч., Анаркулов Х.Ф., Кийзбаев М.С., Мусралиев К.И. болуп саналышат.

**Аспирантура**

| Окуу жылы | Жалпы | Саны | | Темаларды жана жетекчилерди бекитүү |
|---|---|---|---|---|
| | | бюджет | контракт | |
| | | | | |
| 1 курс | 5 | 2 | 3 | 3 |
| 2 курс | 2 | 1 | 1 | 2 |
| 3 курс | 4 | 3 | 1 | 4 |

1-курстагы 5 аспиранттын ичинен 2 аспиранттын (Акбар уулу Д. – окуудан чыгарылды, Догачиев С.К. – академ. өргүү) диссертацияларынын темалары бекитилген жок. Азыркы мезгилде 2020-жылга тапшыргандарды (7) эсепке алганда 14 аспирант билим алууда.

Аттестациялоодо бир катар аспиранттар заманбап изилдөө методдорун колдонуу (эксперименталдык, инструменталдык, статистикалык, физиологиялык ж.б.), адабий булактар менен иштөө (ата мекендик, чет элдик), илимий макаланы жазуу жана жасалгалоо ык-машыгууларына ээ эместигине күбө болдук.

Илимий жетекчилерге эскертме катары диссертацияны жасалгалоо, материалдарды тандоо, колдонуу, илимий макалаларды жазуу жаатында аспиранттарга илимий-усулдук жардамдарды активдештирүү зарылдыгы жаралат.

Бирок ошондой болсо да бир топ аспиранттардын активдүүлүгүн белгилей кетүү керек:

- Мысыкбаев Ж.Е. – диссертациянын эксперимент жана адабияттарды талдоо бөлүгүн аяктап, РИИЦке катталган журналдарда тема боюнча 4 макаласы жарык көрдү;
- Арстанбеков С.А. – Эл аралык илимий симпозиумга катышты (Кахраманмараш, Турция) жана илимий баяндама жасап, 2 макала чыгарды;
- Масамиров Б.С. – IV Азиаттык форумга катышты (Таджикистан, Душанбе ш.) «Билим берүү системасындагы компетенттүүлүк мамиле» деген темада илимий баяндама жасады.

Магистранттар тууралуу маалыматтар таблицада келтирилген.

**Магистратура**

| 5 курс (1-окуу жылы) | Бардыгы | бюджет | контракт | Илимий жетекчилери |
|---|---|---|---|---|
| | 22 | 10 | 12 | Даниярова Н.Н., Мамбеталиев К.У., Кийзбаев М.С., Токсонбаев Р.Н., Наралиев А.М., Балтабаев О.С., Арыкова Ч.Н., Макушева С.В., Иманалиев Т.Т. |
| 6 курс (2-окуу жылы) | 21 | 8 | 13 | |

Жалпы магистратура бөлүмүндө 43 магистрант билим алышат. Анын ичинен 1-окуу жылында – 22 магистрант (5 курс), 2-окуу жылында 21 магистрант (6 курс) эсептелинет.

6-курстун магистранттарынын ичинен 10дон ашыгы илимий-изилдөө иштеринин план-проспектисин, илимий жетекчисинин пикирин, кафедранын отурумдарынын протоколдорун Илимий-техникалык кеңеште (ИТК) магистрдик диссертацияларынын темаларын бекитүү үчүн көрсөтүшө элек.

2019-жылда 15 магистранттын ичинен 5 магистранттын илимий-изилдөө иштери «Антиплагиат» системасындагы текшерүүдөн өткөн жок. Көчүрүлгөн маалыматтар 40-80 пайызды (%) түздү. Алар: Никранов М.Н. (илимий жетекчи: п.и.к., профессор Наралиев А.М.); Абрамова С.Е., Жакыпбаева Н.Ж., Цой Р.Э. (илимий жетекчиси: б.и.к., доценттин м.а. Болжирова Э.Ш.); Жуманкулов К.С. **(**илимий жетекчиси: п.и.к., профессор Кийзбаев М.С.).

**КМДТжСА ИИИнин сандык көрсөткүчүнүн динамикасы**

| **к/н** | **Көрсөткүчтөр** | **2015** | **2016** | **2017** | **2018** | **2019** |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | | **саны** | | | | |
| 1 | Кафедралардын ИИИнин темалары жана ИИЛ | 13 | 19 | 20 | 23 | 27 |
| 2 | Жарыяланган макалалар (жалпы) | 77 | 95 | 125 | 111 | 86 |
| 3 | **Монографиялар** | 2 | 1 | - | 3 | 2 |

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 4 | **Окуу, илимий-методикалык колдонмолор, окуу куралдары** | 8 | 8 | 8 | 10 | 11 |
| 5 | **“ДТжС Жарчысы”** | | XI реестр ЖАК (10 балл) | РИИЦ (20 балл) | РИИЦ, КИИЦ (20 балл) | РИИЦ, КИИЦ (7 балл) |
| 6 | Журналды чыгаруу | 1 | 3 | 4 | 4 | 2 |
| 7 | **ИИИнин мамбуйрутмасын аткаруу** | 1 | - | 1 | - | 1 |
| 8 | Эмгектерге пикир берүү | 14 | 23 | 25 | 35 | 40 |
| 9 | Илимий конференцияларга катышуу | 15 | 25 | 38 | 42 | 51 |
| 10 | **Диссертацияны коргоо** | | | | 1 | 3 |
| 11 | ИИИнин мамбуйрутмасын аткаруу сынагына катышуу | | | | 1 | 1 |
| 12 | “СИИИ, магистратура, магистрдик диссертациялар тууралуу Жоболор” иштелип чыкты | | | | | + |
| 13 | СИИ | 35 | 18 | 31 | 25 | 30 |
| 14 | Аспирантура (окууну аяктashты) | 17 (5) | 12 (3) | 12 (2) | 10 (2) | 11 (2) |
| 15 | Магистратура (окууну аяктashты) | 32 (17) | 38 (5) | 48 (14) | 41 (17) | 43 (15) |

## Илимий-техникалык кеңеш (ИТК)

2019-жылда ИТКнын 7 отуруму өткөрүлдү. ИТКте бир топ маселелер талкууланды:

- Магистрдик диссертациялардын темаларын жана илимий жетекчилерин бекитүү;
- КМДТжСАнын Окумуштуулар Кеңешине сунуштоо менен кандидаттык диссертациялык жумуштарды кароо жана талкуулоо;
- Кандидаттык диссертациянын темасын кайрадан бекитүү (Абдыракманов А.С.);
- 2019-жыл үчүн ИИЛнын отчету (лаб. баш. Орозбекова Б.Т.);

- 2020-жылга КР ББжИМ мамбуйрутманын ИИИ аткарууга карата билдирме берүү (Мамбеталиев К.У.).
- «СИИИ, магистрдик диссертация, магистратура тууралуу Жоболорду» ж.б. кароо.

Жалпы бардыгы болуп 10 магистрдик жана 6 кандидаттык диссертациялар каралды. Жалпы сандын ичинен 3 магистранттын (Арстанбеков Д.А., Колесникова Е.Ю., Элчибек у Э. – илимий жетекчиси Арыкова Ч.Н.), 1 кандидаттык диссертация (Акбар уулу Д. – илимий жетекчиси п.и.д., профессор. Токсонбаев Р.Н.) план-проспектиде кемчиликтер болгондуктан бекитилбеди.

Бир катар магистранттар элементардык суроолорго (изилдөө объектиси, методдору ж.б.) жооп бере албагандыктарын белгилей кетсек. Изилдөө иштеринде максат жана милдеттер, изилдөө методдору так эмес.

Илимий жетекчилердин жоопкерчилигин жогорулатуу зарыл. Диссертациялык (магистрдик, кандидаттык) иштерге пикир берүүдө рецензенттерден объективдүү мамиле кылуу талап кылынат.

**Жыйынтыктаганда** Кыргыз мамлекеттик дене тарбия жана спорт академиясынын профессордук-окутуучулук курамы тарабынан кафедралардагы пландаштырылган илимий иштеринин темаларынын алкагында , редакциялык басма бөлүмүндө (РББ), илимий-изилдөө лабораториясында (ИИЛ), аспирантура жана магистратура бөлүмүндө көрсөтүлгөн илимий-изилдөө иштери аткарылгандыгын белгилейт.

- Академиянын профессордук-окутуучулук курамына илимий иштерди жүргүзүүнү комплекстүү пландаштыруу жана басма ишмердүүлүгүнө активдүү катышуу зарылчылыгын белгилөө керек.
- Кафедра башчылары кызматкерлерди пландаштырылган илимий-изилдөө иштеринин темаларын аткарууга жана катыштырууга активдештирүү керек.
- Практикалык кафедралардын башчыларынан дене тарбиянын жана спорттун теориясы боюнча студенттерди сынакка катыштырууга жоопкерчиликтүү мамиле жасоо талап кылынат.
- Магистранттардын жана аспиранттардын илимий жетекчилеринин, рецензенттердин жоопкерчилигин жогорулатуу керек.
- Аспиранттарга жана магистранттарга кандидаттык жана магистрдик диссертациянын материалдарын жасалгалоого, илимий макалаларды жазууга илимий-методикалык жардамдарды активдештирүү зарыл.
- Ректораттан академиянын илимий-изилдөө иштерин жүргүзүү максатында кафедраларды, илимий-изилдөө лабораториясын (ИИЛ) керектүү каражаттар менен камсыздоого, кызматкерлердин илимий-усулдук материалдарын басмадан чыгарууну каржылоо маселелерин кароо жана кызматкерлердин кадрдык потенциалынын деңгээлин жогорулатуу максатында комплекстүү иш чаралардын системасын иштеп чыгуу жагы каралсын.